**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК- КѲЛ ОБЛАСТЫ**
**ЫСЫК- КѲЛ РАЙОНУ**

**ЖУСУП АБДРАХМАНОВ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН**

**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ**
**АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА**
**ЖУСУП АБДРАХМАНОВА**

Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын жергиликтүү Кеңешинин кезексиз 13- сессиясы

# ТОКТОМ

28.10.2025ж. № 13-4 Ананьево а.

***“Жусуп Абдрахманов айыл аймагын көрктөндүрүү эрежелеринин Жобосун бекитүү жөнүндө”***

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 мыйзамына жана айыл аймагында санитардык абалды жакшыртуу, аймакты көрктөндүрүү, жашылдандыруу, таштандыларды чогултуу жана ташып чыгарууну уюштурууну эске алып, Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы М.Б.Алиевдин маалыматын, сунушун угуп, талкуулап Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын жергиликтүү Кеңеши **токтом кылат:**

1.Жусуп Абдрахманов айыл аймагында көрктөндүрүү эрежелеринин Жобосу №1 – Тиркемесине ылайык бекитилсин.

2. Токтомду аткаруу жагы айыл өкмөт башчысы М.Б.Алиевке жана айыл башчыларына милдеттендирилсин.

3.Ушул токтомду каттоо жагы Мамлекеттик укуктук актыларынын реестрине киргизүү үчүн областтык Юстиция башкармалыгына Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын жергиликтүү Кеңешинин 21.02.2024ж. №28/1-5- токтомунун негизинде мамлекеттик тилде жиберилсин жана ММКда жарыялансын.

4.Транспорт, курулуш, байланыш, өндүрүш, ишмердикти өнүктүрүү, отун энергетика, туризм, курортту өнүктөрүү, жаратылыш ресурстарын пайдалануу, экология, жер, агрардык реформа жана айыл чарба продукциясын кайра иштетүү боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **А.Ш.Кыштобаев**

***Г.Стамова Жиберилди: Иш кагаздарына -1, айыл өкмөтүнө – 1, облюст.башк.- 2***

Тиркеме №1

**БЕКИТИЛДИ**
**Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын жергиликтүү Кеңешинин 13 - кезексиз сессиясынын 2025-жылдын 28 - октябрындагы №13-4 токтому**

**Жусуп Абдрахманов айыл аймагын көрктөндүрүү эрежелеринин Жобосу**

**1. Жалпы жоболор**

1.1. Ушул Эрежелер Жусуп Абдрахманов айыл аймагында санитардык абалды жакшыртуу, аймакты көрктөндүрүү, жашылдандыруу, таштандыларды чогултуу жана ташып чыгарууну уюштуруу тартибин аныктайт.

1.2. Эрежелердин максаты — жашоочулар үчүн таза, коопсуз жана ыңгайлуу жашоо чөйрөсүн түзүү.

1.3. Эрежелер бардык жеке жана юридикалык жактарга, ошондой эле айыл аймагында жашаган же иш жүргүзгөн жарандарга милдеттүү болуп эсептелет.

**2. Негизги түшүнүктөр жана терминдер**

2.1. Көрктөндүрүү – айыл аймагындагы аймактарды санитардык жактан тазалоо, жашылдандыруу, көчөлөрдү, жолдорду жана коомдук жайларды жакшыртуу боюнча ишчаралардын жыйындысы. 2.2. Жашылдандырылган аймак – бак-дарактар, бадалдар, гүлзарлар, газондор жайгашкан коомдук жана жеке пайдалануудагы жерлер.

2.3. Таштандылар – тиричилик, курулуш, өндүрүш жана башка иштердин натыйжасында пайда болгон калдыктар.

2.4. Аймакты санитардык тазалоо – таштандыларды чогултуу, чыгарып кетүү жана аймакты тазалоо боюнча иш-аракеттер.

**3. Таштандыларды чогултуу жана ташып чыгаруу**

3.1. Таштандыларды чогултуу жана ташып чыгаруучу кызмат көрсөтүүчү уюм айыл аймагы тарабынан белгиленет.

3.2. Ар бир турак жай жана уюм өзүнүн таштандыларын белгиленген убакытта жана жайда чыгарууга милдеттүү.

3.3. Таштандылар атайын контейнерлерге салынат, уруксатсыз жерлерге таштанды төгүүгө тыюу салынат.

3.4. Курулуш жана чоң көлөмдөгү таштандыларды өзүнчө транспорт менен чыгарып кетүү талап кылынат.

**4. Аймактарды санитардык күтүү жана тазалоо**

4.1. Ар бир жаран жана уюм өзүнө тиешелүү аймакты дайыма таза кармоого милдеттүү.

4.2. Коомдук жайларда (жол, тротуар, сейилбак, базар ж.б.) тазалыкты айыл аймагынын коммуналдык кызматы камсыздайт.

4.3. Тазалоо жумуштарынын графиги айыл аймагы тарабынан белгиленет.

4.4. Кар түшкөн мезгилде жолдорду кардан жана муздан тазалоо милдеттүү түрдө жүргүзүлөт.

### 5. Көрктөндүрүүнү, тазалыкты жана тартипти камсыздоо

5.1. Ар бир тургун, ишкана жана мекеме өз айланасын коаздоп, короосун иретке келтирүүгө тийиш.

5.2. Коомдук жайларда дубалдарды, бактарды, жол белгилерин боёп жазууга, жарнама чаптоого тыюу салынат.

5.3. Жол боюндагы тосмолор, жарыктандыруу жана ирригациялык системалар техникалык жактан ишке жарамдуу абалда кармалууга тийиш.

### 6. Бак-дарактарды күтүү жана жашылдандыруу

6.1. Айыл аймагында бак-дарактарды отургузуу жана күтүү боюнча жылдык пландар түзүлөт.

6.2. Бактарды сугаруу, бутоо жана коргоо иштери үзгүлтүксүз жүргүзүлөт.

6.3. Бузулган же кургап калган дарактар атайын уруксат менен гана кыйылат.

### 7. Жашылдандырылган аймактардын бак-дарактарын коргоо

7.1. Жашылдандырылган аймактарда бактарды, гүлзарларды жана газондорду бузууга тыюу салынат.

7.2. Дарактарды кыйуу, тамырын бузуу, же уруксатсыз көчүрүү кылмыш болуп эсептелет жана жоопкерчиликке тартылат.

### 8. Курулуш иштеринде бак-дарактардын сакталышын камсыздоо

8.1. Ар кандай курулуш долбоорлорунда жашылдандырылган аймактарды сактап калуу чаралары каралышы зарыл.

8.2. Курулуш жүргүзүүдө бак-дарактарды коргоо үчүн атайын тосмолор коюлат.

### 9. Жашылдандырылган аймактарды инвентаризациялоо

9.1. Айыл аймагы жашыл аймактардын эсебин жүргүзүп турат.

9.2. Ар бир бак, гүлзар, газон же парк боюнча маалымат айыл өкмөтүнүн атайын реестрине киргизилет.

### 10. Эрежелерди бузгандыгы үчүн жоопкерчилик

10.1. Ушул Эрежелерди бузган жеке жана юридикалык жактар Кыргыз Республикасынын административдик мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылат.

10.2. Мисалы, уруксатсыз таштанды төгүү, бак-даракты кыйуу, коомдук жайды булгоо үчүн айып пул салынат.

10.3. Эрежелерди системалуу түрдө бузган субъекттерге иш жүргүзүүгө убактылуу тыюу салуу чаралары колдонулат. Бул Эрежелер Жусуп Абдрахманов айыл аймагында жашоо шартын жакшыртуу, экологиялык коопсуздукту камсыздоо жана коомдук тартипти чындоо максатын көздөйт.

**Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын башчысы** [signature] **М.Б.Алиев**